КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ОБЛУСУНУН ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ

**СУЛТАНОВ А.К. АТЫНДАГЫ КАРА-СУУ РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ**

715500, Кара-Суу шаары, Б.Сыдыков көчөсү-2,
тел: 2-09-94, (3222) 5-81-28. Факс: (3232) 2-60-71.

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ОШСКОЙ ОБЛАСТИ
**ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КАРА-СУЙСКОГО РАЙОНА ИМЕНИ А.К.СУЛТАНОВА**

715500, город Кара-Суу, ул.Б.Сыдыкова-2,
тел: 2-09-94, (3222) 5-53-28, Факс (3232) 2-60-71.

Чыгыш № 1/2837 2021-жылдын «14»-04

**Кара-Суу районунун шайлоо комиссиясынын төрагасы К.Кимсановго**

## МААЛЫМАТ

2021-жылдын 13-апрель күнү Кара-Суу районунун Сары-Колот айыл аймагына караштуу Шералы айылынын тургуну Ш. Акматалиев арыз менен кайрылып, анда 2021-жылдын 11-апрель күнү болуп өткөн жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо Ош облусунун Кара-Суу районунун Сары-Колот айыл аймагында мыйзам бузуулар болгондугун айтып, Сары-Колот айыл аймагынын өкмөт башчысы А.Макеев жана анын орун басары Айтикеев Э[redacted] М[redacted], Сары-Колот айылдык кеңешине талапкер Б.Кулботоев жана анын командасына Шералы айылынын жайыт жерин чек кылып, 140 адамга чек берүүгө оозеки документи жок беришкендигин, аны шайлоочуларга бөлүштүрүп беришкендиктен, талапкерлер тең укуктуу болбогондугун айтып, шайлоо мыйзамсыз өттү деп билдирген.

Аталган маалымат 2021-жылдын 13-апрель күнү Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2021-001096 катар саны менен катталып, текшерүү иштери башталган.

Текшерүү иштеринин жүрүшүндө Сары-Колот айыл аймагынын башчысынын орун басары Э.Айтиев өзүнүн көрсөтмөсүндө, Ш.Акматалиевдин арызы боюнча эч кандай маалыматы жок экендигин жана Шералы айылындагы жайыт жери 140 адамга оозеки чек катары берилбегендигин жана андай маалымат катталбагандыгын билдирген.

Ал эми арызда аты аталган Б.Кулботоев өзүнүн көрсөтмөсүндө, Ш.Акматалиевдин айткан маалыматтары жалган экендигин Шералы айылындагы жайыттан эч кандай оозеки келишим менен жер албагандыгын билдирип шайлоонун мыйзамдуу өткөндүгүн айткан. Жогорудагы негизинде аталган фактыда кылмыштын жана жоруктун белгилери аныкталбагандыктан, аталган маалымат 2021-жылдын 14-апрель күнү НД-034-2021-000121 сандуу номенклатуралык ишке тиркелип сактоого берилген.

**Начальник**
**милициянын полковниги** **Акунбеков А.Б.**